*Тиркеме*

**БЕКИТИЛДИ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Маданият, маалымат, спорт жана**
**жаштар саясаты министрлигинин**
**2024-жылдын "_12_"-_сентябрынын_**
**№ _637_ буйругу менен**

**Кыргыз элинин улуттук музыкалык аспаптары - комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз жасаган усталардын республикалык кароо-сынагынын Жобосу**

**I. Жалпы жобо**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги Кыргыз Республикасынын Музыка ишмерлер союзу менен биргеликте кыргыз элинин эзелтеден муундан-муунга өтүп келе жаткан улуттук музыкалык аспаптары: комуз, кыл-кыяк, темир ооз комузду жасаган усталардын кароо-сынагын өткөрөт.

Аталган кароо-сынак Кыргыз Республикасынын уста-ишкерлеринин эмгектерин мезгилдин талабына ылайыкташтыруу, тажрыйбасын өстүрүү, жогорку деңгээлге чыгуусуна шарт түзүү менен бирге коомчулукка алып чыгууга өбөлгө түзөт.

**II. Кароо-сынактын максаты**

- Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, маданий мурастарын сактоо жана жайылтуу;
- Кыргыз улуттук музыкалык аспаптарды жасаган усталарды колдоо, жасаган аспаптардын сапатын жогорулатуу;
- Устачылык өнөрдүн тарыхый жана байыркы салттарын, салттуу маданиятын жана мурасын жандандыруу, коргоо, өнүктүрүү жана жайылтуу;
- Чеберчилиги бийик деңгээлдеги мыкты жаш талант усталарды эл алдына алып чыгуу жана кеңири пропагандалоо.

**III. Кароо-сынактын уюштуруучулары жана милдеттери**

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги;
- Улуттук маданий борбору;
- Кыргыз Республикасынын Музыка ишмерлер союзу;
- Жобого ылайык сынактын өткөрүлүшүн уюштуруу жана көзөмөлдөө.

**IV. Кароо-сынак төмөндөгү талаптар боюнча өткөрүлөт**

- Сынакка катышкан комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз жасаган усталардын жашы жана саны чектелбейт;

- Усталар жасап бүткөн, колдонууга даяр аспаптардын мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп беришет;
- Аспаптардын үнү, сапаты, көрүнүшү мурдагылардан өзгөчө болуусу шарт;

**Эскертүү:** Карамолдо менен Алымкулдун комузунун аутенттүүлүгүн (үнү оригиналдын өзүндөй болушун) тапкан ("Насыйкат", "Ибарат", "Чоң кербез") аспаптын үнүнө, жасалгасына жаңылык киргизген усталарга артыкчылык берилет.

## V. Кароо-сынактын өтүшү

- Сынакка катышуу боюнча табыштама (заявка) кабыл алынат.
- Катышуучунун табыштама баракчасын толтуруп жиберүүсү шарт.
- Бардык суроолор боюнча уюштуруу тобу жоопберет.

**Кароо-сынак эки баскыч менен өткөрүлөт**

- **I** баскыч:
- 09.10.2024-ж. саат 12:00дө Ош шаарында өткөрүлөт.
- 11.10.2024-ж. саат 13:00дө Балыкчы шаарында өткөрүлөт.
- 15.10.2024-ж. күнү саат 10:00дө Бишкек шаарында өткөрүлөт.
- **II** финалдык баскыч: - катышуучулардын арасынан I орунду жеңип алгандар финалга катышууга мүмкүнчүлүк алышат.

## VI. Калыстар тобу

Калыстар тобунун курамы кароо-сынакка 5 күн калганда Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан бекитилет жана купуялуулук сакталып, калыстар тобунун курамы сынак башталган күнү гана жалпы элге жарыяланат.

Калыстар тобунун чечими анын бардык мүчөлөрү кол койгон протокол менен бекитилет.

Калыстардын соңку чечими талкууга алынбайт жана өзгөртүлбөйт.

## VII. Байге фонду:

**Комуз боюнча:**

I орун – диплом, акчалай сыйлык;
II орун – диплом, акчалай сыйлык;
Кызыктыруучу сыйлыктар.

**Кыл кыяк боюнча:**

I орун – диплом, акчалай сыйлык;
II орун – диплом, акчалай сыйлык;
Кызыктыруучу сыйлыктар.

**Темир ооз комуз боюнча:**

I орун – диплом, акчалай сыйлык;

II орун – диплом, акчалай сыйлык;

Кызыктыруучу сыйлыктар.

*Эскертүү:* 1-орунду ээлеген усталардын аспаптары ээсине кайтарылып берилбейт жана мамлекеттик музейге тапшырылат.

## VIII. Кароо-сынактын каржылоо булагы

- Кароо-сынактын катышуучуларынын жол киреси, тамак-ашы, жатаканасы өздөрү тарабынан каржыланат;
- Жеңүүчүлөрдүн акчалай сыйлыктары калыстар тобунун протоколуна ылайык Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Улуттук маданий борбору тарабынан берилет.

## IX. Өткөрүү убактысы жана өтүүчү жайы:

**Табыштаманы (заявка) 03.10.2024-ж. чейин жиберүү зарыл.**

Кароо-сынак республиканын бардык аймактарында өткөрүлөт:

- **09.10.2024-ж. саат 12:00дө** Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясында:- Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары жана Ош шаары;
- **11.10.2024-ж. саат 13:00дө** Балыкчы шаарынын маданият үйүндө:- Ысык-Көл, Нарын облустары;
- **15.10.2024-ж. саат 10:00дө** Кыргыз улуттук тарых музейинде:- Чүй, Талас облустары жана Бишкек шаары.

**Кароо-сынактын финалы 2024-жылдын 15.10.2024-ж. саат 12:00дө** Кыргыз улуттук тарых музейинде өткөрүлөт.

Кароо-сынактын негизинде Улуттук маданий борбору тарабынан усталардын республикалык маалымат базасы түзүлөт.

**Уюштуруучулар менен байланыш номурлары: 0550662005, 0701005500.**

**Табыштамаларды (заявка) төмөнкү дарекке жөнөтүңүздөр:**

**Улуттук маданий борбору, электрондук дарек:-umbkomuz@mail.ru**

**Байланыш тел. 0701336826, 0555336826-ватсапп**

**Кыргыз элинин улуттук музыкалык аспаптары- комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз жасаган усталардын республикалык кароо-сынагынын Табыштамасы(заявка)**

| № | Аты-жөнү | Кайсы облус | Кайсы номинация боюнча | Туулган жылы | Иштеген жери | Тел. номери |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

Эскертүү: Табыштаманы паспорт менен толтуруу шарт.